КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ
АКСЫ РАЙОНУ
КЕРБЕН ШААРДЫК КЕНЕШИ
720600 Кербен ш. Ныязалы көчөсү № 1
тел.: (0-3742) 5-02-39

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
АКСЫЙСКИЙ РАЙОН
КЕРБЕНСКИЙ ГОРОДСКОЙ
КЕНЕШ
720600 г.Кербен ул.Ныязалы № 1
тел.: (0-3742) 5-02-39

30- октябрь 2026- жыл **№ 20/6** Кербен шаары

Аксы районунун Кербен шаардык кенешинин IX чакырылышынын кезексиз жыйырманчы сессиясы

Т О К Т О М

Кербен шаарындагы муниципалдык мектепке чейинки билим берүү уюмдарында балдардын күнүмдүк тамак-аш акысынын өлчөмдүн жогорлатуу жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Министирлер Кабинетинин 2025-жылдын 15-майындагы № 257 “Кыргыз Республикасынын мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын айрым маселелери жөнүндө” 11-главасынын 55, 60 жана 61-пункттарына ылайык ошондой эле ата-энелердин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) макулдугун жана балдардын толук кандуу тамактануусун камсыз кылуу зарылдыгын эске алып Кербен шаардык кеңештин экономика, бюджет жана финансы боюнча туруктуу комиссиясынын 2026-жылдын 29-октябрындагы № 11 токтомун Кербен шаардык кеңеши карап жана талкуулап IX-чакырылышынын кезексиз жыйырманчы сессиясы

ТОКТОМ КЫЛАТ :

1. Кербен шаарындагы муниципиалдык мектепке чейинки билим берүү уюмдарындагы бир балага күнүмдүк тамак-аш үчүн ата-энелердин төлөмүнүн өлчөмү 75 (жетимиш беш) сомдон 90 (токсон) сомго чейин жогорулатылсын.
2. Балдардын күнүмдүк тамак-аш акысынын жаңы өлчөмү ата-энелердин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) макулдугу жана тиешелүү ата-энелердин чогулуштарынын протоколдору эске алынуу менен белгиленсин.
3. Кербен шаардык мэриясынын билим берүү тармагындагы жооптуу бөлүмүнө ушул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу тапшырылсын.
4. Бул токтом мамлекеттик реестрге киргизүү жана каттоо үчүн Жалал-Абад областтык юстиция башкармалыгына жөнөтүлсүн.
5. Токтом «www.kerben.aksy.kg» веб-сайтында жарыялангандан кийин күчүнө кирет.
6. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Кербен шаардык кеңешинин экономика, бюджет жана финансы маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы М.Акибаровго жүктөлсүн.

Кербен шаардык кеңешинин төрагасы: **А.Базарбаев**